Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

“Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси

КАБЫЛ АЛЫНДЫ
ЖАМУнун окумуштуулар
кеңешинин жыйынында
Протокол № 6 “23” 05 2026 -ж.

БЕКИТЕМ
ЖАМУнун ректору, профессор
_____Усенов К.Ж.
“23” 05 2026 -ж.

ЖАМУда билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн студенттерге анкета жүргүзүү жөнүндө ЖОБО

Манас – 2026

1. Жалпы жоболор

1.1. Сунушталуучу кызматтардын сапатын баалоо үчүн студенттерге анкета жүргүзүү боюнча ушул Жобо төмөнкүлөрдүн негизинде иштелип чыкты:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы;
- Жалал-Абад мамлекеттик университетинин 2025-жылдын 7-февралындагы Уставы.

1.2. Ушул Жобо ЖАМУнун окуу процессинин катышуучуларына анкета жүргүзүүнүн максаттарын, милдеттерин жана тартибин аныктайт.

2. Анкета жүргүзүүнүн максаттары жана милдеттери

2.1. Анкета жүргүзүүнүн максаты – билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууга багытталган чечимдерди кабыл алуу үчүн окуу процессинин абалы жана студенттердин канааттануу деңгээли жөнүндө объективдүү маалымат алуу.

2.2. Анкета жүргүзүүнүн милдеттери:

- Окуу процессин уюштуруу тууралуу объективдүү маалыматтарды алуу;
- Студенттердин көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынын сапатына жана окуу процессин уюштурууга болгон канааттануу даражасын аныктоо;
- Окуу процессин уюштуруудагы кемчиликтерди аныктоо жана аларды жоюу боюнча чараларды иштеп чыгуу;
- Университеттин ишин жакшыртууга, педагогикалык эмгектин натыйжалуулугун жогорулатууга жана профессордук-окутуучулук курамдын мотивациясын калыптандырууга багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу.

2.3. Анкета жүргүзүүнүн негизги принциптери:

- Анкеталардын мазмунунун университеттин стратегиялык максаттарына жана милдеттерине шайкештиги;
- Анонимдүүлүк;
- Анкета жүргүзүү жол-жоболорунун тутумдуулугу жана удаалаштыгы;
- Стандартташтырылган жол-жоболорду жана баалоо критерийлерин колдонуу;
- Муундардын сакталышы (сабакташтык);
- Маалыматтуулук.

Анкета жүргүзүүнүн тартиби

3.1. Баалоо объектиси: студенттер, ата-энелер, иш берүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптар. **Баалоо предмети:** студенттердин ЖАМУ сунуштаган билим берүү кызматтарынын сапатына канааттануусу. **Баалоо ыкмасы:** анкеталарды колдонуу менен анонимдүү сурамжылоо. Сурамжылоо жүргүзүүдө анкеталардын ар кандай түрлөрү колдонулат (студенттин анкетасы, окутуучунун анкетасы, иш берүүчүнүн анкетасы ж. б.).

3.2. Анкета жүргүзүүнү уюштуруу формасы: Студенттерге анкета жүргүзүү онлайн режиминде жүргүзүлөт:

- 1-курстун студенттери үчүн «ЖАМУну жогорку окуу жайы катары эмне үчүн тандадыңыз?» деген темадагы анкета окуу жылынын башында жүргүзүлөт.
- Окуу процессин, окуудан тышкаркы убакытты жана тамактануу уюштуруунун сапатына студенттердин канааттануусун аныктоо анкетасы жылына бир жолу жүргүзүлөт.
- Окутуунун сапатын аныктоо максатында «Окутуучу студенттердин көз карашы менен» анкетасы дисциплинаны окуп үйрөнүү аяктагандан кийин жүргүзүлөт.
- Окутуучулардын университеттин эмгек шарттарына канааттануусун аныктоо анкетасы окуу жылынын аягында жүргүзүлөт.
- Университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн теориялык жана практикалык даярдыгынын деңгээлине канааттануусун аныктоо анкетасы окуу жылынын аягында жүргүзүлөт.

3.3. Анкета жүргүзүү Google Формалар кызматында сурамжылоо үчүн атайын түзүлгөн электрондук анкеталарды анонимдүү түрдө толтуруу аркылуу жүзөгө ашырылат.

3.4. Анкетаны толтуруу ыкмасы: студенттин анкетанын суроолоруна жеке жооп берүү формасы.

3.5. Пландан тышкары анкета университеттин ректорунун буйругу боюнча зарылчылыкка жараша жүргүзүлөт. Анкетага университеттеги бардык курс жана адистиктердин студенттери катышышат.

4. Анкетанын жыйынтыгын чыгаруу

4.1. Анкеталарды иштеп чыгууну жана талдоону ЖАМУнун Социологиялык изилдөөлөр борборунун мүчөлөрү жүзөгө ашырат.

4.2. Анкетанын жыйынтыгы боюнча ректор үчүн аналитикалык отчет түзүлөт, анын жыйынтыктары аныкталган кемчиликтерди жоюу максатында ЖАМУнун административдик кеңешинин жыйынында талкууланат. Анкетанын жыйынтыгы боюнча университеттин окутуучуларынын рейтинги түзүлөт.

№1 Тиркеме

«ЖАМУну жогорку окуу жайы катары эмне үчүн тандадыңыз?» анкетасы

1. ЖАМУ жөнүндө Сиз маалыматты кайдан алдыңыз?
2. Эмне үчүн ЖАМУну тандап алгандыгыңыздын себебин белгилеңиз:
3. Университетке келгенде күткөнүңүз менен реалдуулук канчалык дал келди?
4. ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясынын ишин кандай баалайсыз?
5. Бул окуу жайга тапшыруу үчүн Сиз кантип даярдандыңыз?
6. Сиз үчүн көйгөй жараткан маселелерди белгилеңиз:
7. Жогорку (атайын орто) билим турмушта ийгиликтерге жетүүнүн кепилдиги болот деп эсептейсизби?
8. Жашоодо ийгиликтерге жетүү үчүн эмнелерди зарыл деп эсептейсиз?
9. Сиздин сунуштарыңыз:

№2 Тиркеме

«Студенттердин окуу процессин уюштуруу сапатына канааттануусу» анкетасы

1. Лекцияларды окуунун сапаты
2. Практикалык сабактарды өтүүнүн сапаты
3. Сабактардын окуу жана лабораториялык жабдыктар (муляждар, фантомдор, тренажерлор ж.б.) менен камсыз болушу
4. Практиканын уюштурулушу
5. Китепкананын окуу куралдары менен камсыз болуу деңгээли
6. Окуу жайда интернеттин жеткиликтүүлүгү
7. Университетте окуу процессин уюштуруунун сапатын жогорулатуу боюнча
8. Сиздин сунушуңуз

№3 Тиркеме

«Студенттердин окуудан тышкаркы убакытты уюштуруу сапатына жана тамактануу сапатына канааттануусу» анкетасы

1. Университетте студенттердин илимий-изилдөө иштерин уюштуруу деңгээли (студенттердин кружоктору, олимпиадалар, конкурстар ж.б.):
2. Университетте өткөрүлгөн маданий-массалык иш-чараларды уюштуруунун деңгээли:
3. Жаштар комитетинин аткарган иштери:
4. Спорт жана жыйындар залынын абалы:
5. Окууда жана окуудан тышкары убакта кураторуңуздун берген жардамы Сизди канааттандырабы?

6. Сабактан тышкары мезгилде кандай чыгармачылык менен алектенгиңиз келет?
7. Окуудан тышкары убакыттын уюштурулушунун сапатын жогорулатуу боюнча Сиздин сунушуңуз:

№4 Тиркеме

«Студенттердин көзү менен окутуучу» анкетасы

1. Материалды ачык жана жеткиликтүү берүүсү.
2. Баяндап берүүдө логикалык тартипти сакташы.
3. Өз сабагынын маңызын терең билүүсү.
4. Бааны адилеттүү жана тартиби менен койо билиши.
5. Окутуучунун тактыгы жана убакытты туура пайдалана билүүсү.
6. Сиз кайсы окутуучуга пара (акча) бергенсиз жана эмне үчүн?
7. Эгер Сиз зарыл деп эсептесеңиз, өзүңүздүн сунуштарыңызды берсеңиз болот:

№ 5 Тиркеме

«ЖАМУ окутуучулардын көз карашы менен»

1. Эмгекти уюштуруунун жана жумушчу орундардын жабдылышынын шарттарына:
2. Эмгек акынын төлөнүү шарттарына
3. Окумуштуулар кеңешинин ишмердүүлүгүнө:
4. Академиялык саясат департаментинин ишмердүүлүгүнө:
5. Социологиялык изилдөө борборунун ишмердүүлүгүнө:
6. Окуу бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнө:
7. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнө:
8. Карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнө:
9. Тестирлөө борборунун ишмердүүлүгүнө:
10. Кадрлар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнө:
11. Атайын бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө:
12. Санариптештирүү жана инновациялык билим берүү технологиялары борборунун (СЖИБТБ) ишмердүүлүгүнө:
13. Илим жана инновациялар бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнө:
14. Эл аралык байланыштар жана рейтингдер департаментинин ишмердүүлүгүнө:

15. Квалификацияны жогорулатуу институтунун ишмердүүлүгүнө:
16. Мамлекеттик тил, социалдык жана тарбия иштери боюнча ишмердүүлүккө:
17. Административдик-чарба иштери боюнча ишмердүүлүккө:
18. Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясынын ишмердүүлүгүнө:
19. Профсоюздук бирликтин ишмердүүлүгүнө:
20. Жогоруда берилген суроолордун кайсынысына канааттанбайм деп жооп берген болсоңуз, себебин жазыңыз:

№ 6 Тиркеме

"Жамунун бүтүрүүчүлөрүнүн окуу жай боюнча пикири"

1. Сиз кайсы адистик боюнча билим алдыңыз?
2. Университетте студенттерди теориялык жана практикалык жактан даярдоонун деңгээлин кандай баалайсыз?
3. Университеттин (колледждин) окутуучулары окутууда инновациялык технологияларды колдонушабы?
4. Университетте (колледжде) алган билимиңиз Сизди канааттандырабы?
5. Мамлекеттик аттестацияны тапшыруу учурунда кандай көйгөйлөргө жана кыйынчылыктарга туш болдуңуз? Жазыңыз.
6. Сиздин алган адистигиңиз боюнча жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн кандай баалайсыз?
7. Эгерде Сизге кайрадан тандоо мүмкүнчүлүгү берилсе биздин университетти (колледжди) тандайт белеңиз?
8. Университетте студенттерди теориялык жана практикалык жактан даярдоонун сапатын жакшыртуу үчүн кандай сунуштарды бересиз?